DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Матазимов Н.К.*

# КЫРГЫЗ УЛУТТУК СПОРТТУК КҮРӨШҮ БОЮНЧА КАЛЫСТАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК МОДЕЛИ

*Матазимов Н.К.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ МОДЕЛЬ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СПОРТИВНЫХ СУДЕЙ ПО КЫРГЫЗСКОЙ НАЦИОНАЛЬНОЙ СПОРТИВНОЙ БОРЬБЕ

*N. Matazimov*

# PEDAGOGICAL MODEL OF THE ACTIVITY OF SPORTS REFEREES IN THE KYRGYZ NATIONAL WRESTLING

*УДК: 796.082.1*

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети болуп кыргыздын улуттук күрөшүндөгү спорттук калыстын педагогикалык маселелери каралат. Изилдөөнүн максаты болуп кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча калыстардын педагогикалык моделин иштеп чыгуу эсептелинет. Спорт калыстарынын кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууга багытталган. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында, кыргыз улуттук спорттук күрөштүн калыстарын даярдоодо жана кесиптик деңгээлин жогорулатуу манилүү, экендиги аныкталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык эмпирикалык методдор колдонулган: адабий булактардан, архивдик материалдардан жана документтерден алынган маалыматтарды талдоо, байкоо жүргүзүү, баарлашуу, интервью алуу, документтерди жана ишмердүүлүк продуктыларын талдоо, адистердин иш тажрыйбасын сурамжылоо колдонулду. Изилденген документалдык булактардын жыйынтыгында кыргыздын улуттук күрөшү боюнча спорттук калыстын педагогикалык модели аныкталган. Кесипкөй спорт калыстарын даярдоо терең системалуу, мазмундуу өркүндөтүүнү талап кылат. Окуу процессин спорттук калыстыктын теориясынын жана методологиясынын негиздерин терең үйрөнүү менен жүргүзүү сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *улуттук күрөш, кесипкөйлүк, ишмердүүлүк, спорттук калыс, спорттун түрү, техникалык кыймыл, тактикалык кыймыл, спорттук мелдеш, улуттук категория, мелдеш эрежелери.*

*В данной работе в качестве предмета исследования рассматриваются педагогические вопросы спортивного судейства в кыргызской национальной борьбе. Цель исследования – разработать педагогическую модель судейства в кыргызской национальной спортивной борьбе куреш, направленная для совершенствования профессиональной компетентности спортивных судей. В ходе исследования были применены теоретические эмпирические методы: анализ данных литературных источников, архивных материалов и документов, наблюдения, беседа, интервьюирование, анализ документов и продуктов деятельности, опыт работы специалистов. В результате изученных документальных источников определено, педагогической модели спортивного судьи по кыргызской национальной спортивной борьбе куреш. Подготовка профессиональных спортивных судей нуждается в глубоком системном, осмысленном совершенствовании. Рекомендовано проведения образовательного процесса в глубоком изучением основы теории и методики спортивного судейства.*

***Ключевые слова:*** *национальная борьба, профессионализм, деятельность, спортивный судья, вид спорта, техническое движение, тактическое движение, спортивные соревнования, национальная категория, правила соревнований.*

*In this paper, pedagogical issues of sports refereeing in the Kyrgyz national wrestling are considered as the subject of research. The purpose of the study is to analyze the issues of development of the pedagogical model of the sports referee of the Kyrgyz national wrestling kuresh, aimed at improving the professional competence of sports referees. In the course of the study, theoretical empirical methods were applied: analysis of data from literary sources, archival materials and documents, observation, conversation, interviewing, analysis of documents and products of activity, work experience of specialists. As a result of the studied documentary sources, it was determined the pedagogical model of a sports judge in the Kyrgyz national wrestling kuresh. The training of professional sports referees needs a deep systematic, meaningful improvement. It is recommended to carry out the educational process in a deep study of the basics of the theory and methodology of sports refereeing.*

***Key words:*** *national wrestling, professionalism, activity, sports referee, sport, technical movement, tactical movement, sports competitions, national category, competition rules.*

Калыстардын кесипкөйлүк педагогикалык даярдыгынын зарылчылыгы спорттук-мелдештик ишмердүүлүктөгү субъекттин деңгээлине дал келиши керек. Спорттук-мелдештик даярдыктын көп жылдык процесси кесипкөй ишмердүүлүктүн моделине жана калыстын өзүнө инсанга багытталган. Спорттук-мелдештик моделдин негизинде базалашкан функциялар, коюлган талаптар, биринчи кезекте спецификалык өзгөчөлүктөрүн аныктаган, ошондой эле каралган күрүүштүн чегинде изилденип жаткан спорттук-мелдештик ишмердүүлүктү түзөт. Биздин учурда бул спорттук күрөштөгү мелдештеги калыстык.

Спорттук калыстарды кесипкөйлүккө даярдоодо ушул тармактагы ишмердүүлүгүнүн натыйжасын жогорулаткан атайын билим алуусу үчүн жагымдуу шарттар жана мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Спорттук калыстарды кесипкөйлүккө даярдоодогу көйгөйлөргө теориячылар менен практикачылар тынымсыз, өзгөчө көңүл бура башташты, балбандардын жыйынтыгынын көрсөткүчтөрүн эсептөө боюнча колдонулган жалпыланган методдор кыргыз улуттук спорт оюндарындагы муктаждыгын оперативдүүлүк-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



түн начардыгынан, кетирген кемчиликтердин, каталардын айынан толук камсыздоого мүмкүнчүлүгү жок.

Кыргыз улуттук спорт оюндарынын түрлөрүндөгү эң орчундуу маселе калыстарды кесипкөйлүккө даярдоо болуп саналат.

Кесипкөй ишмердүүлүктүн ар кайсы түрлөрүн өздөштүрүүдө адамга керектүү сапаттар болушу зарыл. Бул нерсе спорт калысына да тешелүү. Адистердин ою боюнча калысткка даярдоо системасынын иштөөсү канааттандырарлык абалда эмес. Тандоо процесси жана кесипкөйлүккө даярдоо негизинен семинарларда жүргүзүлөт. Ушундай жол менен тандалган спорт калысынын ишмердүүлүгү ар кандай масштабдагы мелдештерде төмөнкү баага ээ болуп калат [1].

Спорт калысын кесипкөйлүккө даярдоо максаттуу жана үзгүлтүксүз мүнөзгө ээ;

– шык-жөндөмүнө жана кызыгуусуна жараша тандоо;

– калыстын кесипкөйлүк даярдыгынын бир багыттуулугу;

– калыстын ишмердүүлүгү адистешкен аттестациялоого жана башка калыстардын ишмердүүлүгүнө тартууда сунуштарды (рекомендация) иштеп чыгуу керек.

Спорт калыстарын кесипкөйлүккө даярдоодо окуу процессине төмөнкүлөрдү кошуу керек:

– спорт калыстыгынын теориялык-методикалык негиздери (философия, социология, дене тарбия педагогикасы, дене тарбия психологиясы, дене тарбия көнүгүүлөрүнүн биомеханикасы, спорт күрөшүнүн методикасы жана теориясы, спорт мелдештерин уюштуруу жана өткөрүү эрежелери);

– спорт күрөшү боюнча калыстын психологиялык-педагогикалык инсандык өзгөчөлүгү;

– дене даярдыгынын деңгээли, абалы, антропометрикалык маалыматы, курагы - калыстыктын кесипкөйлүк ишмердигинин талаптарына кирет.

– спорт калыстыгынын ишмердүүлүгүн камсыздаган механизмдер (кыймылдаткыч күчтөр, факторлор);

– спорт калысын даярдоонун көзөмөлдөө жана өзүн-өзү көзөмөлдөө системасын түзүү;

– колдонулган форма, каражат, усул жана усулдук ыкмалар төмөнкүлөрдү камсыздайт; жалпы дене даярдыгы жана атайын дене даярдыгы, техникалык-тактикалык, психологиялык, спорт калысынын даярдыгы, ой-жүгүртүүнүн ыкчамдыгы, күрөш процессинде пайда болгон кырдаалга оперативдүү реакция жасоосу, ымалага (сүйлөшүүгө) келүүсү;

– керектүү деңгээлде мамлекеттик жана чет тилдерди билүүсү.

Жогоруда айтылгандар менен бирге кыргыз улуттук спорт боюнча калыстардын, айрыкча спорт күрөш боюнча иштелип чыга элек уюштуруу-педагогикалык маселелери, кесипке жарамдуулугунун даяр эместиги, изилдөөдөн келип чыккан сунуш-талаптарга, жыйынтыктарга спорт калысынын практикалык деңгээлинин жетпей калышы эсептелет. Биздин оюбузча мына ушулардын бардыгы формалдуу мүнөздө болгондуктан, калыстардын кесипкөй ишмердүүлүгүнүн өзүнчөлүгүн, калыска коюлган талаптардын өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтүп бере албайт.

Функциясы жана коюлган талаптар өз ара бирибирине негизделип, бекем өз ара байланышта болушат ошону менен бирге алар өз ара шартташкан катары каралып, туруктуу болбогону менен кыймылдаткыч күчтөрдүн объективдүү факторлорун мүмкүнчүлүккө жараша кайрадан жаратат. Демек, калыстын кесипкөйлүк ишмердүүлүгү бул структуралык-системалык негиз жана тандалган ишмердүүлүктүн чегинде объективдүү шарттарды түзөт. Жогоруда айтылгандар, калыстын кесипкөйлүк ишмердүүлүгүнүн маанилүү функцияларын белгилөөгө жардам берип, аларга коюлган талаптардын айланасындагыларды аныктайт. Коюлган талаптарды жана аткарылган функцияларды ишке ашырууда калыстарда керектүү багаждын болуусун талап кылат, кесипкөйлүк жөндөмдүүлүгүн, инсандын кесипкөйлүк сапаттарын жана касиеттерин субъективдүү кыймылдаткыч күчтөр [2].

Спорттук күрөш боюнча калыстын кесипкөйлүк ишмердүүлүгүнүн туура моделин кабыл алууга керектүү шарттарды түзүү үчүн, субъективдүү жана объективдүү күчтөрдүн өз-ара байланышынын логикалык схемасын иштеп чыктык. Бул логикалык схеманы иштеп чыгуунун негизинде ыктымалдуу эреже бузуулардын салыштырмалуу өлчөмдөрүн изилдөө процессинде аныкталган көрсөткүчтөр алынды жана калыстар тарабынан кетирилген ордуна жараша бөлүүлөр, эреже бузуулардын натыйжасында калыс тарабынан беттешүүнү токтотуулардын саны орточо эсеп менен бир беттешүүдө, жана суралган эксперттердин (адистердин) жыйынтыгы каралды.

Жогоруда көрсөтүлгөн калыстын кесипттик ишмердүүлүгүнүн моделиндеги баса белгилөөчү нерсе, анын педагогикалык мазмуну баарынан мурда мелдеш эрежелеринде, калыстык ишмердүүлүктү ишке ашыруунун негиздери, пайда болгон учурлар жана кырдаалдар, беттешүү учурундагы балбандардын жасаган кыймыл-аракеттери менен аныкталат [3].

Калыстын кесипкөйлүк ишмердүүлүгүнүн структурасында көрсөткөндөй, ишмердүүлүктүн маңызы болуп бүтүндөй системада пайда болгон объективдүү жана субъективдүү негиздер, балбандардын беттешүүсүн алып баруу, ишке ашырылган кыймыл-аракеттер, мүмкүнчүлүктөргө колгон талаптар жана аларды аткаруу шарттары болуп саналат.

Жогоруда айтылгандар менен бирге, кесипкөй-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



лүк-педагогикалык жогорку деңгээлдеги спорттук күрөш боюнча калыстын инсандык моделинин мүнөздөмөсүн түзүүнүн ыктымалдуулугун түшүндүрөт.

Ар тараптуу ишмердүүлүк калыстын индивидине төмөнкү талаптарды коет: керектүү жөндөмдөр, инсандык сапаттар жана касиеттер. Бул кырдаал идеялардын калыптануусуна жардам берет, калыстардын педагогикалык даярдыгын ишке ашырууда алардын кесипкөйлүк-калыстык моделине багытталат жана зарыл сапаттык-сандык бөлүктөрүнөн түзүлөт. Ошол эле мезгилде спорттук күрөш боюнча калыстардын педагогикалык даярдыгынын маселелери боюнча укуктук-инструкциялык документтерин, адабий булактардын маалыматтарын (алар өтө чектелген) талдоо калыстардын тайпасына коюлган конкреттүү укуктук талаптарды аныктай алдык [4].

Спорттук күрөш боюнча калыстардын педагогикалык даярдыгындагы пайда болгон боштуктарды четтетүүнүн зарылдыгын эске алуу менен бирге мелдештеги калыстыктын натыйжалуулугуна аракет жасап, изилдөөдө калыстын эксперименталдык модели иштелип чыкты. Ушул багытта изилдөө ишин жүргүзүп жатканда, Кыргыз улуттук Спорттук күрөшү боюнча калыстардын кесипкөйлүк ишмердүүлүгүнүн жогорку тажрыйбасы модель катары кабыл алынышы мүмкүн. Ушуга байланыштуу спорттук күрөш боюнча калыстардын кесипкөй ишмердүүлүгү (эл аралык таанымдагы спорттук күрөш түрлөрүнүн калыстарындай эле) социалдык-спорттук буюртмаларды түздөн-түз ишке ашыруу менен байланышып, изилдөө процессинде спорттук күрөш боюнча калыстын инсандык нагыз педагогикалык образын түзүүгө аракеттендик. Ушул максатта спорттук күрөш боюнча 20 калыска сурамжылоо жүргүзүлүп, аларга маанилүүлүгүнө карап калыстын индивидуалдык кесипкөйлүк сапаттарын жана касиеттерин көрсөтүү сунушталган. Сурамжылоонун жыйынтыгынын негизинде респонденттердин оюу боюнча калыстыктын маанилүү сапаттары төмөнкүлөр:

1. Жогорку билимдүү (жогорку кесипкөйлүк билим);
2. Жогорку маданияттуу, нравалык жактан туруктуу;
3. Интеллектуалдуу, интеллигенттүү;
4. Тартиптүү, чынчыл, адилеттүү;
5. Спорттук күрөш дене тарбия жана спорт тармагында кесипкөй.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, алдыңкы орундарга калыстын инсандын билимдүүлүгү, маданияттуулук деңгээли чыгат, андан кийин алардын педагогикалык даярдыгы мааниге ээ. Биздин оюбузча, көрсөтүлгөн фактыларды учурдун коюлган талаптарына ылайык болот, саясий-экономикалык жана республиканын идеологиялык шарттарында оргиналдуу баалуулуктардын багытынын кайра калыптанышына негиз боло алат [5].

Спорттук күрөш боюнча калыстардын кесипкөй ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн талдап, кесипкөйлүк-калыстык ишмердүүлүктүн сунушталган моделине негизделип, кыймылдаткыч күчтөрдү, калыстардын мүнөздөмөсүнө коюлган талаптарды жана аныкталган функцияларды, фактыларды изилдөөнү ишке ашыруу процессинде эске алынып, Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча калыстын моделинин маанилүү структуралык бөлүктөрүн аныктай алдык. Жогоруда айтылгандар, төрт маанилүү бөлүктөрдөн турат: кесипкөйлүк даярдык, социалдык-спорттук (калыстык) абал, психоэмоционалдык процесстердин көрүнүшү, индивидуалдык сапаттар жана касиеттердин өнүккөн деңгээли.




**1-сүрөт.** Кыргыз улуттук спорттук күрөш боюнча калыстардын ишмердүүлүгүнүн педагогикалык модели.

Спорттук күрөш боюнча калыстын сандык-сапаттык модели калыстардын кесипкөйлүк даярдыгында педагогикалык процесстерди усулдук жактан сабаттуу жана аналогиялык тартипте тыкан уюштуруп, биздин кийинки изилдөөлөрүбүздүн маанилүү бөлүктөрүнүн бири болуп эсептелинет.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



**Жыйынтыктар:**

1. Спорттук күрөш боюнча калыстардын кесипкөй ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү талдап, кесипкөйлүк-калыстык ишмердүүлүктүн сунушталган моделине негизделип, кыймылдаткыч күчтөрдү, калыстардын мүнөздөмөсүнө коюлган талаптарды жана аныкталган функцияларды, фактыларды изилдөөнү ишке ашыруу процессинде эске алынып, кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча калыстын ишмердүүлүгүнүн моделинин маанилүү структуралык бөлүктөрү аныкталды.

2. Калыстын кесипкөйлүк ишмердүүлүгүнүн структурасында көрсөткөндөй, ишмердүүлүктүн маңызы болуп бүтүндөй системада пайда болгон объективдүү жана субъективдүү негиздер, балбандардын беттешүүсүн алып баруу, ишке ашырылган кыймыл-аракеттер, мүмкүнчүлүктөргө коюлган талаптар жана аларды аткаруу шарттары көрсөтүлдү.

**Адабияттар:**


1. Брагина Н.Д. Самосовершенствование человека как философия проблемы: автореф. дисс. к.филос.н. [Текст] / Н.Д. Брагина. - М., 2001. - 16 с.
2. Вяткин, Б.А. Управление психологическим стрессом в соревнованиях [Текст] / Б.А. Вяткин. - М.: Физкультур и спорт, 1991. – 112 с.
3. Зуев В.Н. О развитии у судьи нестандартного мышления в экстремальных условиях [Текст] / В.Н.Зуев // Научные исследования и разработки в спорте. Вестник аспирантуры СПБ ГАФК им. П.Ф. Лесгафта. - СПб: СПбГАФК им. П.Ф. Лесгафта, 1998. – Вып. 5. - С.270.
4. Асанов Т.Ө. Влияние занятий кыргызской национальной спортивной борьбой куреш на некоторые психомоторные качества и успеваемость студентов [Текст] / Т.О. Асанов // Организация и методика учебного процесса физкультурно-оздоровительной и спортивной работы: материалы Межуниверситетской научно-практической конференции. - М.: МГУ им. Ломоносова, 2004. - С. 63-64.
5. Узакбаев И.С. Педагогические обоснование принципов и закономерности построения годичного цикла спортивного тренировки в видах единоборств [Текст] / И.С. Узакбаев, Т.С. Разыков, Н.К. Матазимов // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2018. - №1. - 111 с.
6. Матазимов Н.К. Кыргыз улуттук спорттук күрөштө спорттук калыстын ишмердүүлүгүнүн укуктук-ченемдик негизинин абалы [Текст] / Н.К. Матазимов // Наука. Образование. Техника- Ош: КУМУ, 2022. - №1. - 162с.
7. Самудинов К.С. Совершенствование тактической подготовки в кыргызской борьбе «куреш». / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2016. - №.7. - С. 275-277.